«БЕКИТЕМИН»
М. М. Адышев атындагы
Ош технологиялык
университетинин ректору
профессор А.О. Абидов
______________________
"04" декабрь 2020-ж.

**М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин Коомдук илимдер кафедрасынын 2020-жылдын 4-декабрындагы кеңейтилген жыйынынын №3 протоколу**

**Кафедра жыйынына катышкандар:**

1. **Бекмурзаева Г.К. -** Коомдук илимдер кафедрасынын башчысы, тарых илимдеринин кандидаты, доцент, (жыйындын төрайымы); (07.00.02)
2. **Нурунбетов Б. -** тарых илимдеринин доктору, профессор (07.00.02)
3. **Мендибаев Н. –** социология илимдеринин доктору, профессор (22.00.04)
4. **Исаков К.А. –** философия илимдеринин доктору, профессор; (09.00.03)
5. **Тобокалов Ч.Б. -** тарых илимдеринин кандидаты, доцент; (07.00.02)
6. **Абдыразакова З.М. -** тарых илимдеринин кандидаты, доцент; (07.00.02)
7. **Осмонов С.М. -** тарых илимдеринин кандидаты, доцент; (07.00.02)
8. **Түмөнбаева Г.Б. -** Ош МУнун, ИПК "Коомдук илимдер" кафедра башчысы, социология илимдеринин кандидаты, доцент; (22.00.04)
9. **Бойтоева С.С. -** окутуучу;
10. **Асилбек уулу Б. -** окутуучу;
11. **Изденүүчү: Ибайдуллаев Х. -** "Сулайман-Тоо" улуттук тарыхый-археологиялык музей комплексинин (УТАМК) башкы директорунун илимий иштер боюнча орун басары; (22.00.04)
12. **Курбанова А.А. -** катчы

## КҮН ТАРТИБИНДЕ

1. "Сулайман-Тоо" УТАМКнын башкы директорунун илимий иштер боюнча орун басары Хайрулло Ибайдуллаевдин социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган "Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары", (адистигинин шифри: 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер) деген аталыштагы илимий диссертациясын талкуулоо.

**Угулду:**

**Бекмурзаева Г.К. – Коомдук илимдер кафедрасынын башчысы т.и.к., доцент, жыйындын төрайымы.** Х. Ибайдуллаевдин "Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары" аттуу илимий темасы 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер деген

аталыштагы адистик шифри менен социология илимдеринин доктору, доцент Н.Мендибаевдин жетекчилигинде М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин окумуштуу кеңешинин 2011-жылдын 11-ноябрындагы кезектеги жыйынынын №2.1112 сандуу протоколунун негизинде изденүүчү болуп бекитилген.

Ошондуктан Х.Ибайдуллаевдин илимий диссертациясын кеңейтилген жыйында талкуулап, сын пикирлериңиздерди, сунуштарыңыздарды айтыңыздар. Бул кеңейтилген жыйынга башка окуу жайдан чакырылган окумуштуулар, коноктор катышууда. Силердин алдыңарга коюлуп жаткан диссертациялык иштин темасы: "Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары". Изденүүчү Хайрулло Ибайдуллаев "Сулайман-Тоо" УТАМКнын башкы директорунун илимий иштер боюнча орун басары болуп иштейт.

Анда талкууну баштаар алдында изденүүчү Х. Ибайдуллаевге сөз берилет.

**Ибайдуллаев Х.Х. – изденүүчү.** Менин илимий ишимдин темасы "Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары" деп аталып, илимий кеңешчим социология илимдеринин доктору, профессор Нуратбек Мендибаев.

Бул илимий теманын үстүндө бир топ мезгилден бери башкача айтканда 10 жылдан бери изденип келе жатам. Айрыкча акыркы 2-3 жылдан бери натыйжалуу эмгектенгендигимдин натыйжасында диссертациялык ишимди аяктап сиздердин карооңуздарга коюп жатам.

Диссертациялык иш 3 главадан 8 параграфтан түзүлүп, киришүүдөн, сунуш кылыган ойлордон, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Анда:

Ар бир элдин руханий байлыгы көбүнчө өзүнүн тарыхый эс тутумун, улуттук жана маданий каада-салттарын сактоо жана өнүктүрүү жөндөмдүүлүгү менен аныкталат. Бул көйгөйдү чечүүдө тарыхтын жана маданияттын баалуулуктарын чогулткан, сактаган, кайра жаңырткан, классификациялаган жана көргөзгөн музейлер маанилүү ролду ойнойт. Бардык учурларда улуттун калыптанышы үчүн музей өзгөчө руханий күчкө ээ болгон жана бүгүнкү күндө да анын ролу кайрадан актуалдуу болуп келүүдө. Ааламдашуу заманында коомдук өнүгүүнүн баалуулук приоритеттеринин өзгөрүшү руханийликти жана улуттук маданий өзгөчөлүктөрдү жоготууга жана ар бир өзүнчө маданияттын өзгөчөлүгүн өчүрүүгө алып келет. Ошол эле учурда заманбап музей социалдык мекеме катары жаңы, глобалдык маданияттын өзгөчөлүктөрүн өзүнө сиңирип, мурдагы музейлерге окшош болбой калган. Ал маданий, билим берүү, илимий изилдөө борборлорун, эс алуу жана көңүл ачуу комплекстерин бириктирип, виртуалдык форматка өтөт жана мында музейдин социалдык институт катары өнүгүү перспективалары көрүнөт. Демек, музейдин трансформациясы музей жайгашкан аймактын өзгөчөлүктөрү, адамдардын менталитети жана аймактын социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөрү менен тыгыз байланышкан музейдин өнүгүшүнүн жаңыланган концепциясын талап кылат.

Кыргызстандын музей ишинин тарыхы өлкөнүн тарыхый-маданий мурасынын бир бөлүгү болуп саналат. Ошондуктан музей социологиясы жана

музей иши жаатындагы ар кандай изилдөөлөрдү жалпылоо зарылдыгы келип чыкты жана бул контекст изилдөө темасынын актуалдуулугун да аныктайт.

Мына ушундай абал изилдөөнүн максатын жана милдеттерин, объектин жана предметин тандоону шарттады.

Изилдөөнүн объекти - музей өзгөрүлмө коомдогу социалдык институт катарында.

Изилдөөнүн предмети – музейдин социалдык институт катары социалдык ролунун өзгөрүшүнө ар кандай факторлордун таасири.

Изилдөөнүн максаты - өзгөрүлүп жаткан коомдо социалдык институт катары музейдин социалдык маңызын жана өнүгүү механизмдерин аныктоо жана аны андан ары өнүктүрүүнүн жолдорун жана багыттарын иштеп чыгуу. (Кыргызстандын түштүгүндөгү музейлердин мисалында)

Изилдөөнүн милдеттери – коюлган максатка жетүү үчүн диссертацияда төмөндөгүдөй милдеттер аныкталды:

1. Музейдин социалдык маңызын жана анын азыркы коомдогу социалдык ролунун өзгөрүшүн ачып көрсөтүү;
2. Музейди социалдык мекеме катары изилдөөнүн негизги теориялык ыкмаларын аныктоо жана аны ар тараптуу социологиялык изилдөө методикасын белгилөө;
3. Музейдин социалдык мекеме катары өнүгүүсүнүн аймактык өзгөчөлүктөрүн жана факторлорун ачып берүү;
4. Эмпирикалык изилдөөнүн маалыматтарынын негизинде музейдин заманбап имиджин, анын милдеттерин жана кызматтарын аныктоо;
5. Аймактагы музей ишин өркүндөтүүнүн негизги жолдорун жана багыттарын негиздөө;
6. Музейди өзгөрүп жаткан коомдогу социалдык институт катары өнүктүрүү концепциясын иштеп чыгуу (аймактык аспект).

Урматтуу кесиптештер, сиздердин талкууңуздарга коюлуп жаткан диссертациялык ишим боюнча таанышып чыккансыздар деп ойлойм ошого байланыштуу өз пикириңиздерди, ойлоруңуздарды айтып, аны ачык коргоого сунуштап берүүңүздөрдү суранам. Көңүл бургандарыңыз үчүн рахмат!

**Бекмурзаева Г.К. – Коомдук илимдер кафедрасынын башчысы т.и.к., доцент, жыйындын төрайымы.** Урматтуу кесиптештер биз изденүүчүнүн диссертациялык изилдөөлөрүнүн негизги жоболору боюнча жасаган баяндамасына күбө болдук. Эми кезектеги диссертациялык ишти катышып отурган коноктордун ойлоруна жана окуп чыккан, окутуучулардын сунуш ой пикирлерин угуп аларга сөз берсек:

**Нурунбетов Б. – тарых илимдеринин доктору, профессор.** Х.Ибайдуллаевдин изилдеген темасы бүгүнкү күндө актуалдуу болуп эсептелет. Азыркы ааламдашуу заманында ар бир эл өзүнүн маданиятын, каада-салтын сактап калууга умтулууда. Бул ишти аткарууда музейлердин ролу эбегейсиз чоң. Хайрулла мырза мен билгенден музей тармагында иштегениңе он жылдан ашып калды. Илимий ишинде да бул тармактын көйгөйлөрүн жана

мүмкүнчүлүктөрүн ачып бергенин көрүнүп турат. Мен ойлойм социологиялык изилдөөлөрүндүн жыйынтыгы Кыргызстандагы музей ишине пайдасы тиет деген ишеничтемин. Жыйынтыктоо бөлүгүн толуктап, андан ары коргоо иштерин улантууга болот деп сунуш берем.

**Исаков К.А. - философия илимдеринин доктору, профессор.** Жогоруда айтылган пикирге кошулам, ооба адамзаттын жашоосунда анын руханий жактан азыктанышы негизги ролду ойнойт. Өнүккөн өлкөлөрдө да элдердин өнүгүүгө карай багыт алышында алардын руханий жашоосу алдыңкы орунда турат. Чындыгында бул багыттагы илимий изилдөөлөр калып калган.

Х.Ибайдуллаевдин кандидаттык диссертациясы катары сунушталган эмгеги киришүүдөн, 3 главадан, 8 параграфтан, ой пикир сунуштардан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

Биринчи главасындагы музейди социалдык институт катары изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздерин терең анализдеп берген. Музейди социалдык институт катары изилдөөнүн маани-маңызын, социалдык түшүнүгүнүн өнүгүү эволюциясын атайын талдоого алганы мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Диссертациянын экинчи главасында аймактагы музейлердин өзгөрүлмөлүү коомдогу маданий институт катары маданий-тарыхый компоненттерин жана андагы жараяндарын талдоого алып теориялык, статистикалык булактардын негизинде өркүндөткөн.

Үчүнчү главасында аймактагы музейлердин социалдык-маданий багыттары, калктын музейлерге болгон көз караштары жана социалдык көйгөйлөрүн социологиялык изилдөөнүн жыйынтыктары аркылуу талдап практикалык корутундуларын келтирген.

Х.Ибайдуллаевдин сиңирген эмгеги болуп, ал аймактагы музейлердин социалдык маселелерин комплекстүү чагылдырып, музей тармагынын көйгөйлүү аспектилерин көрсөтө алгандыгында. Бул аймактагы музей ишинин маселелерин изилдөөдө илимий жаңылык болуу менен анын натыйжалары жана илимий жыйынтыктары ишенимдүү негизделген.

Бул илимий эмгек Кыргызстан мамлекетинин шартындагы чыныгы социологиялык изилдөө болуп, музейлердин өзгөрүлмөлүү коомдогу маданий институт катары аныктап көрсөтүп, анын түзүлүштүк калыптанышын, өнүгүшүн социологиялык парадигманын негизинде талдап, толук анализ жүргүзүп илимий сунуштарын жана корутундуларын берген.

Ошол эле учурда илимий темандын аталышына тарыхый социо-маданий деген сөздү кошуп коюуга сунуш берем, себеби музейлерде биринчи кезекте тарыхый баалуулуктар сакталат. Үчүнчү главада изилденген музейлерди конкреттештирип койсоңуз, андан сырткары илимий теманын актуалдуулугун дагы да ачып берсеңиз жакшы болмок.

Аталган эмгек Улуттук Аттестациялык Комиссиянын толук талаптарына жооп берет. Демек, аталган эмгекти адистешкен илимий жамааттарда талкуулап 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана

процесстер адистиги боюнча адистешкен илимий кеңеште коргоого сунуштаймын.

**Түмөнбаева Г.Б. - социология илимдеринин кандидаты, доцент.** Х.Ибайдуллаевдин диссертациясы менен таанышып чыктым. Тандалып алынган тема актуалдуу жана коомдогу орчундуу маселелерден болуп саналат. Социологиялык изилдөөнүн программасы бардык эрежелердин негизинде түзүлгөн. Респонденттерди сурамжылоодо репрезентивдүүлүк сакталган жана анкетадагы суроолор актуалдуу маселелерди камтыйт. Социологиялык изилдөөнүн жыйынтыгы терең анализденген жана жыйынтык катары илимий сунуштар жазылган. Аталган эмгекти илимий жааттарда талкуулап 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча адистешкен илимий кеңеште коргоого сунуштаймын.

**Тобокалов Ч.Б. - тарых илимдеринин кандидаты, доцент.** Х.Ибайдуллаевдин диссертациясынын темасы актуалдуу башкача айтканда бүгүнкү күндүн бирден бир актуалдуу темаларына арналган. Диссертациядагы илимий изилдөө иштер бүгүнкү күндүн талабына жооп берет. Бүгүнкү күндө айылдагы музейлерде толгон токой социалдык маселелер жатат. Ошол эле экспонаттардын сакталышы, кадрлардын жетишсиздиги, ошол эле элдердин руханий жактан тейлөө ж.б. маселелердин көпчүлүгү бул эмгектин изилдөө иштеринин жыйынтыктары болуп эсептелет жана диссертациянын сунуш жана корутунду бөлүмүндө айрыкча мындай маселелердин чечилиш жолдору да сунушталып берилген.

Жыйынтыгында канча жылдан бери аракеттенген изилдөө иштериңизди жыйынтыктап сунуштап жатканыңызды кубаттап мен да жогорудагы кесиптештеримди колдоп ачык коргоого сунуштаса болот деп эсептейм.

**Абдыразакова З.М. – тарых илимдеринин кандидаты, ага окутуучу.** Мен да жогорудагы кесиптештеримдин пикирине кошулам. Х.Ибайдуллаевдин изилдеген темасы бүгүнкү коомдогу маданий институттардын ичинен актуалдуу маселелерден болуп саналат. Дүйнө элдеринин ичинен кыргыз элибиздин маданий тарыхы да өзгөчө орунга ээ. Баалуу мурастарыбызды сактоо ар бирибиздин милдетибиз, бул багытта музейлердин ролу күндөн-күнгө өсүүдө. Менин сунушум илимий ишиңе Кыргызстандын түштүк аймагындагы музейлердин тарыхын изилдеген Г.Темиралиеванын илимий эмгегин дагы да көбүрөөк киргизсең. Жыйынтыктап айтканда мен да кесиптештеримдин ойлоруна кошулуп ушундай эмгекти жазып талкууга алып чыгып жатканыңызды колдойм жана мен да бул ишиңизди ачык коргоого сунуштайм.

**Бекмурзаева Г.К. – Коомдук илимдер кафедрасынын башчысы т.и.к., доцент, жыйындын төрайымы.** Талкууга сунушталган “Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары” деген темадагы илимий иш жогорку илимий -теориялык деңгээлде аткарылган. Диссертация илимий жактан жеткилең изилденген негиздүү өз алдынча жүргүзүлгөн жана бүткөрүлгөн иш катары Улуттук Аттестациялык комиссиянын койгон талаптарына жооп берет жана 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук

даражасын алуу үчүн ачык коргоого сунуштаса болот. Эми изденүүчүгө жыйынтыктоочу сөз берсек.

**Ибайдуллаев Х.Х. – изденүүчү.** Урматтуу агай эжекелер! Менин диссертациямды талкуулоо учурунда берилген баалуу пикирлер жана сунуштар үчүн Сиздерге терең ыраазычылыгымды билдирем. Мен да негизинен айтылган ой пикирлер, сунуштар жана сын пикирлер менен макулмун жана мүмкүн болушунча кийинки илимий ишмердигимде эске алганга аракет кылам.

**Бекмурзаева Г.К. – Коомдук илимдер кафедрасынын башчысы т.и.к., доцент, жыйындын төрайымы.** Изденүүчү Х. Ибайдуллаевдин 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары" деген темадагы диссертациялык ишин талкуулоонун жүрүшүндөгү сын пикирлерге жана сунуштарга таянуу менен Коомдук илимдер кафедрасынын кеңейтилген жыйыны

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Х.Ибайдуллаевдин 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары" деген темадагы диссертациялык иши талкуулоонун жүрүшүндөгү айтылган сын пикирлерди эске алуу менен ачык коргоого сунушталсын.
2. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдында уюштурулган саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешине "Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары" деген темадагы диссертациялык иши кабыл алуу суралсын.

**Жыйындын төрайымы,**
**Коомдук илимдер**
**кафедрасынын башчысы,**
**тарых илимдеринин кандидаты, доцент:** **Г.К. Бекмурзаева**

**Катчы:** **А. Курбанова**

ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ
КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы
Алиева Алтынай Камаловна
«04» декабрь 2020-ж.